# Улуттук банктын ноталары

*(2012-жылдын июль айы)*

**1-график. Улуттук банктын ноталарына суроо-талап жана аларды жайгаштыруу**




Улуттук банктын ноталарынын июль айында өткөрүлгөн 5 аукционунда жалпысынан 2,4 млрд. сом жалпы суммасында баалуу кагаздар жайгаштырылган, бул июнь айындагы ушул эле көрсөткүчтөн 10,9 пайызга жогорулаган. Финансы рыногунун инструменттеринин бири катары ноталар потенциалдуу инвесторлор тарабынан салыштырмалуу жогорку талапка ээ болууда. Ушундан улам июль айында да ар бир өткөрүлгөн аукциондордогу бул баалуу кагазга суроо-талаптын жалпы көрсөткүчү аларды жайгаштыруунун жарыяланган көлөмүнөн арткан. Мында, мурдагыдай эле, эң эле кирешелүү болгон 28 күндүк ноталарга айрыкча кызыгуу орун алып, натыйжада июль айында сатууга коюлган бирден бир баалуу кагаздан болгон. кароого алынып жаткан мезгил ичинде айрыкча 2 коммерциялык банк тарабынан кызыгуу артып, алар баалуу кагаздар рыногунда сатылган бүтүндөй көлөмдүн 67,8 пайызын сатып алууга жетишкен. Калган 11 катышуучунун үлүшү 0,02 ден 7,5 пайызга чейин өзгөрүп турган.

Улуттук банктын ноталарынын айрыкча, 28 күндүк ноталардын орточо алынган жалпы кирешелүүлүгү июнь айындагыга салыштырганда 1,1 п.п. төмөндөп, 5,6 пайызды түзгөн.

**2-график. Улуттук банктын ноталары боюнча суроо-талаптын, сатуунун жана кирешелүүктүн динамикасы.**




Июль айында орточо аукциондук талап көлөмү[1] 769,1 млн. сомду түзүү менен өткөн айдагы көрсөткүчкө салыштырганда, 1,0 пайызга жогорулаган. Ошол эле учурда, сатуунун орточо аукциондук көлөмү 11,3 пайызга, 480,0 млн. сомго чейин төмөндөгөн.

[1] Бул көрсөткүч ай ичиндеги суроо-талап/сунуштун жалпы көлөмүнүн ордуна колдонулат, анткени ай ичиндеги аукциондордун саны туруктуу эмес.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде жүгүртүүдөгү нота көлөмү 5,5 пайызга төмөндөп, 2,0 млрд. сом деңгээлинде түптөлгөн. Юридикалык жактардын-резиденттердин үлүшүнүн 7,8 п.п., 8,8 пайызга чейин. Ошондой эле институционалдык инвесторлордун үлүшүнүн 6,7 пайызга чейин (-5,2 п.п.) кыскарышы мына ушундай төмөндөөнүн негизги себебинен болгон. Коммерциялык банктар сыяктуу негизги ээлик кылуучулардын салыштырма салмагы 12,8 п.п. өсүп, портфелдин жалпы түзүмүндө 84,5 пайызга жеткен, ал эми жеке адамдардын-резиденттердин үлүшү айкын жыйынтыгы боюнча 0,1 пайыз чегинде катталган.

Кароого алынып жаткан мезгил ичинде ноталардын банктык портфелинин концентрациялануу индекси 0,24 көрсөткүчүндө[2] калыптанышы, концентрациялануу деңгээли жогору бойдон сакталып калгандыгын жана рынокко бирдей үлүштөгү 4 ири катышуучу катышкандыгын чагылдырат. Ушул мезгил аралыгында экинчилик рыногунда Улуттук банктын ноталары менен операциялар ишке ашырылган эмес.

**3-график. Улуттук банктын ноталары боюнча сунуунун динамикасы**




**1-таблица. Улуттук банктын ноталарынын аларга ээлик кылуучулар боюнча түзүмү**

*млн.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Комм. банктар | | Резидент юридик. жактар | | Резидент жеке адамдар | | Институт. инвестор | |
| | | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак | Сумма | Салыш. салмак |
| 01.08.2011 | 1 360,0 | 919,5 | 67,6% | 3,5 | 0,3% | 2,0 | 0,1% | 435,0 | 32,0% |
| 01.09.2011 | 1 357,2 | 899,5 | 66,3% | 55,9 | 4,1% | 0,8 | 0,1% | 401,0 | 29,5% |
| 01.10.2011 | 1 368,4 | 1 055,2 | 77,1% | 49,1 | 3,6% | 0,1 | 0,0% | 264,0 | 19,3% |
| 01.11.2011 | 1 738,2 | 1 345,4 | 77,4% | 42,7 | 2,5% | 0,1 | 0,0% | 350,0 | 20,1% |
| 01.12.2011 | 1 732,4 | 1 215,8 | 70,2% | 49,6 | 2,9% | - | 0,0% | 467,0 | 27,0% |
| 01.01.2012 | 1 366,4 | 1 065,3 | 78,0% | 19,4 | 1,4% | 0,2 | 0,0% | 281,5 | 20,6% |
| 01.02.2012 | 2 209,5 | 1 666,1 | 75,4% | 88,0 | 4,0% | 10,3 | 0,5% | 445,1 | 20,1% |
| 01.03.2012 | 2 313,0 | 1 527,6 | 66,0% | 162,9 | 7,0% | 1,1 | 0,0% | 621,5 | 26,9% |
| 01.04.2012 | 2 113,8 | 1 507,0 | 71,3% | 237,3 | 11,2% | 2,4 | 0,1% | 367,1 | 17,4% |
| 01.05.2012 | 2 072,4 | 1 424,6 | 68,7% | 224,5 | 10,8% | 2,3 | 0,1% | 421,0 | 20,3% |
| 01.06.2012 | 2 196,2 | 1 471,2 | 67,0% | 129,2 | 5,9% | 4,8 | 0,2% | 591,0 | 26,9% |
| 01.07.2012 | 2 063,9 | 1 477,8 | 71,6% | 341,7 | 16,6% | - | 0,0% | 244,3 | 11,8% |
| 01.08.2012 | 1 950,0 | 1 646,8 | 84,5% | 171,5 | 8,8% | 2,0 | 0,1% | 129,7 | 6,7% |

[2] Бул индекс баалуу кагаздардын банктардын портфелинде концентрациялануу деңгээлин чагылдырат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын ыкмасы боюнча эсептелинип, жалпы көлөмдөгү көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болуучу мааниси 0дөн 1ге чейинки маанилердин интервалында камтылат. Индекстин 0,10дон азды түзгөн мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине ылайык келет. 0,10дон 0,18ге чейин концентрациялануунун орточо деңгээлине, ал эми 0,18ден жогору – концентрациялануунун жогору деңгээлине туура келет. Мисалы, 0,50гө барабар болгон концентрациялануу индекси рынокко бирдей үлүшкө ээ болгон эки катышуучунун тартылгандыгына эквиваленттүү болсо; 0,30 – үч катышуучуну чагылдырат.